-КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ

ГҮЛЧӨ
ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН

ГУЛЬЧИНСКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1 -отуруму**

# Т О К Т О М

**2026-жылдын 30-январы** **№ 1/1** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарынын мэриясынын 2026-жылга карата жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүн жана 2027-2028-жылдарга жергиликтүү бюджеттин болжолдуу долбоорун бекитүү жөнүндө**

Гүлчө шаарынын мэриясынын 2026-жылга карата жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүн, 2027-2028-жылдарга карата болжолдуу долбоорун бекитүү жөнүндө мэр Н.Э.Тадибаевдин баяндамасын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123. ”Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1-отуруму **токтом кылат:**

**1.** Гүлчө айыл өкмөтүнүн **2025-жылга** жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгү 143 536 939 (бир жүз кырк үч миллион беш жүз отуз алты миң тогуз жүз отуз тогуз) сом, анын ичинде өздүк киреше 94 953 509 (токсон төрт миллион тогуз жүз элүү үч миң беш жүз тогуз ) сом, теңдештирүүчү трансферт 11 832 000 (он бир миллион сегиз жүз отуз эки миң ) сом, республикалык бюджеттен берилүүчү максаттуу трансферт 20 420 860 (жыйырма миллион төрт жүз жыйырма миң сегиз жүз алтымыш) сом, өткөн жылдан өткөн калдык 16 330 570 (он алты миллион үч жүз отуз миң беш жүз жетимиш) сомго жана чыгаша бөлүгү 138 617 244 ( бир жүз отуз сегиз миллион алты жүз он жети миң эки жүз кырк төрт ) сомго аткарылгандыгы белгиленсин.

2. **2026-жылга** жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрү өздүк кирешенин эсебинен 108 241 800 (бир жүз сегиз миллион эки жүз кырк бир миң сегиз жүз) сомго, анын ичинде атайын каражат 13 100 000 (он үч миллион бир жүз миң) сомго бекитилсин.

3. **2027-жылга жергиликтүү** бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрү өздүк кирешенин эсебинен **121 531 800 (**бир жүз жыйырма бир миллион беш жүз отуз бир миң сегиз жүз) сомго, анын ичинде атайын каражат 13 100 000 (он үч миллион бир жүз миң) сомго долбоорунун болжолу бекитилсин.

4. **2028-жылга жергиликтүү** бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрү өздүк кирешенин эсебинен **136 062 800 (**бир жүз отуз алты миллион алтымыш эки миң сегиз

жүз**)** сомго, анын ичинде атайын каражат 13 100 000 (он үч миллион бир жүз миң) сомго долбоорунун болжолу бекитилсин.

5. «Гүлчө коммуналдык чарбасы» муниципалдык ишканасына жана «Гүлчө Автобекет» муниципалдык ишканасына Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 51-берененин 5-пунктуна ылайык, 2026-жыл үчүн Гүлчө шаардык мэриясынын жергиликтүү бюджетинин өздүк кирешелер эсебинен **«Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасына 15 000 000** (он беш миллион) сом, **«Гүлчө Автобекет» муниципалдык ишканасына 1 910 474** (бир миллион тогуз жүз он миң төрт жүз жетимиш төрт) сом өлчөмүндө субсидия бөлүнүп берилсин жана киреше, чыгаша бөлүгүнүн эсеп-кысабын ар чейрек сайын тапшыруу жагы «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын жетекчиси Талантбек у Азаматка, «Гүлчө Автобекет» муниципалдык ишканасынын жетекчиси Н.Таалайбековго милдеттендирилсин.

6. Бала бакчалардагы балдардын ата-энелерден түшүүчү төлөмдөрдү **айына бир балага 1000** ( бир миң) сомдон белгиленсин.

7. Корголгон беренелердин (Эмгек акы,социалдык фондуна чегерүүлөр көмүр,отун жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр) чыгашаларын каржылоо биринчи кезектеги тартипте жүргүзүлсүн.

8. Гүлчө шаарынын мэриясына караштуу мектептерге, бала бакчаларга жана мекемелерге бюджеттен каралган акча каражаттарын туура жана максаттуу пайдалануу жагын камсыз кылуу, эсеп-кысаптарын убагында мэриянын финансы бөлүмүнө тапшыруу жагы мекеме башчыларына жана чарбалык иштер боюнча жетекчилердин орун басарларына милдеттендирилсин.

9. Бюджетте каралган акча каражаттарын смета боюнча өз убагында мыйзамдуу, максаттуу жумшалышын камсыздоо жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Э. Тажибаевге жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Каныбек кызы Эркинайга милдеттендирилсин.

10. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө шаарынын кеңешинин бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1-отуруму**

# Т О К Т О М

**2026-жылдын 30-январы** **№ 1/2** **Гүлчө шаары**

**2025-жылдын 8-августунда Гүлчө айылдык кеңеши тарабынан кабыл алынган №10/1 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

2025-жылдын 25-сентябрында Гүлчө айылы шаар статусун алып, Гүлчө айыл өкмөтү Гүлчө шаарынын мэриясы болуп өзгөргөндүгүнө байланыштуу, Гүлчө айылдык кеңеши тарабынан 2025.08.08. кабыл алынган Гүлчө айыл өкмөтүнүн 2025-2029-жылдарга карата өнүгүү планы жөнүндөгү №10/1 токтомуна өзгөртүү киргизип берүү жөнүндө баяндамачы Э.Кадырованын билдирүүсүн угуп, «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-17-беренелеринде белгиленген талаптарга ылайык жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү» Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Гүлчө шаарынын кеңеши **токтом кылат:**

1. Гүлчө айылдык кеңеши тарабынан 2025-жылдын 8-августундагы Гүлчө айыл өкмөтүнүн 2025-2029-жылдарга карата бекитилген өнүгүү планы жөнүндөгү №10/1 токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:
   - 1-пункт төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:
     “Гүлчө шаарынын мэриясынын 2025-30-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программаларынын өнүгүү планы бекитилсин”.

2. Кабыл алынган токтомдун мыйзамдуу аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1-отуруму**

**Т О К Т О М**

**2026-жылдын 30-январы** **№ 1/3** **Гүлчө шаары**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 16-январындагы «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин иштеп чыгуу жана оптималдаштыруу жөнүндөгү» №26 токтомуна ылайык, Гүлчө шаарынын мэриясынын төмөндөгү административдик кошумча кызматтарын бекитип берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 16-январындагы «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин иштеп чыгуу жана оптималдаштыруу жөнүндөгү» №26 токтомуна жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктуна ылайык, Гүлчө шаарынын кеңеши **токтом кылат:**

1. Муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн административдик Регламентине ылайык, Гүлчө шаарынын мэриясынын төмөндөгү административдик кошумча кызматтары (акысыз түрдө) бекитилип берилсин:
   - Паспорт жок болгон учурда жашагандыгын аныктоочу корутунду берүү жана аларды идентификациялоо актысын жазып берүү;
   - Каза болгон адамдын үй–бүлөөсүнө берилүүчү акчалай жардамды алууга маалымдама жазып берүү;
   - Туруктуу жашагандыгын аныктоочу маалымдаманы талап кылуучу сот, ички иштер бөлүмү жана социалдык фонд мекемелерине маалымат жазып берүү;
   - Мэриянын жана аткаруу комитетинин мурдагы кабыл алынган чечимдерине, токтомдоруна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү менен жаңы токтомдорду даярдап берүү кызматы;
   - Жеке менчик мүлктү маркумдан туугандары өткөрүп алууда форма-50 маалыматын жазып берүү кызматтары бекитилип берилсин.
2. Кабыл алынган токтомдун майзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1-отуруму**

**Т О К Т О М**

**2026-жылдын 30-январы** **№ 1/4** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарынын кеңешинин 2026-жылга карата иш-планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «»Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин жана 39-беренесине ылайык, туруктуу комиссиялардын сунуштарынын негизинде , Гүлчө шаарынын кеңеши **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарынын кеңешинин 2026-жылга карата иш-планы, Регламентке ылайык бекитилсин.

2. Гүлчө шаарынын кеңешинин иш планынын негизинде 2026-жылга карата туруктуу комиссиялардын иш планын иштеп чыгуу үчүн туруктуу комиссиялардын төрагалары отурумдарды уюштурсун.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы төраганын орун басары Н.Камаловага жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1-отуруму**

# Т О К Т О М

**2026 -жылдын 30-январы** **№ 1/5** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарынын кире беришинде жайгашкан «Петролеум» май куюучу станциясынын (АЗС) жанындагы Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине таандык, аянты 13440,0 чарчы метр болгон жер тилкесинен 200,0 чарчы метр жер тилкесине, ошондой эле Гүлчө шаарынын Мамбетов көчөсүндөгү И.Жусубалиевдин турак жайынын жанындагы Гүлчө шаарынын муниципалдык менчигиндеги 40,0 чарчы метр болгон жер тилкесине электр тогу менен жүрүүчү автоунааларды кубаттоочу станция орнотуу үчүн макулдук берүү жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңеши, мэр Н.Э.Тажибаевдин жогорудагы маселе боюнча сунушун карап, Кыргыз Республикасынын «Муниципалдык мүлктү пайдалануу жана тескөө тартиби жөнүндө» Жобосуна, «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамына ылайык, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-5-пунктун жетекчиликке алып, Гүлчө шаарынын кеңешинин туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарынын кире беришинде жайгашкан «Петролеум» май куюучу станциянын (АЗС) жанында Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигиндеги аянты 13440,0 чарчы метр болгон жер тилкесинен, 200,0 чарчы метр жер тилкеси электр тогу менен жүрүүчү автоунааларды кубатточу станция орнотууга макулдук берилсин.
2. Гүлчө шаарынын Мамбетов көчөсүндөгү И.Жусубалиевдин турак жайынын жанындагы Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигинде турган 40,0 чарчы метр жер тилкесине электр тогу менен жүрүүчү автоунааларды кубатточу станция орнотууга макулдук берилсин.
3. Кабыл алынган токтомго тиешелүү иш-кагаздарын тактап, мыйзамдуу аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер маселеси, муниципалдык менчиктер, жол жана коммуникация боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1-отуруму**

# Т О К Т О М

**2026-жылдын 30-январы** **№ 1/6** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарынын Жаңы-Савай участкасындагы шаардык мэриянын муниципалдык менчигинде турган аянты 5,0 га болгон жер көчкү жүргөн жерди жана Гүлчө шаардык мэриясына караштуу Тамга-Терек айылынын Көк-Кыя участкасындагы аянты 5,0 га болгон жер тилкесин көрктөндүрүп, жашылдандыруу максатында Алай токой чарба ишканасынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү" Мыйзамынын 19-беренесине жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-5-пунктуна ылайык, Гүлчө шаарынын кеңеши **токтом кылат:**

**1**. Гүлчө шаарынын Жаңы-Савай участкасындагы мэриянын муниципалдык менчигинде турган, аянты 5,0 га болгон жер көчкү жүргөн жерди жана Гүлчө шаарынын мэриясына караштуу Тамга-Терек айылынын Көк-Кыя участкасындагы аянты 5,0 га болгон жер тилкесин көрктөндүрүп, жашылдандыруу максатында Алай токой чарбасы ишканасынын балансына өткөрүлүп берилсин**.**

2. Алай токой чарбасы ишканасынын балансына көрктөндүрүү максатында өткөрүлүп берилген жер тилкелери коммерциялык багытта ижарага жана менчикке берилбесин.

3. Алай токой чарба ишканасынын балансына өткөрүлүп берилген жер тилкелери белгиленген 10 жыл мөөнөт ичинде көрктөндүрүү иштери толук кандуу жүргүзүлбөсө, Гүлчө шаарынын мэриясынын балансына кайтарып алуу жагы белгиленсин.

4. Кабыл алынган токтомдун мыйзамдуу аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.

5. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1-отуруму**

# Т О К Т О М

**2026-жылдын 30-январы** **№ 1/7** **Гүлчө шаары**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө Типтүү Жобо тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-апрелиндеги №206 токтомунун негизинде Гүлчө шаарынын аймагындагы мамлекеттик фондусунун жерлерин ижарага берүү максатында Гүлчө шаарынын аймагынын жер комиссиясынын курамын бекитип жана мамлекеттик фондунун жерлеринин ижара мөөнөттөрү бүткөндүгүнө байланыштуу ошол эле жерлердин ижара акыларынын баштапкы бааларын аныктап берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-апрелиндеги №206 токтомунун жана Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү» Мыйзамынын 34-беренесинин 5-пунктунун негизинде, Гүлчө шаарынын аймагындагы мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча жер комиссиясынын курамын бекитүү жана мамлекеттик фондунун жерлеринин ижара мөөнөттөрү бүткөндүгүнө байланыштуу ошол эле жерлердин ижара акыларынын баштапкы бааларын аныктап берүү боюнча жер боюнча башкы адиси Р.Какаровдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Гүлчө шаарынын кеңеши **токтом кылат**:

1. Гүлчө шаарынын мэриясынын башкы жер адиси Р. Какаровдун билдирүүсү эске алынсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 29.06.2007-жылдагы №1997-111 токтомуна ылайык, Гүлчө шаарынын аймагындагы мамлекеттик фондусунун жерлерин ижарага берүү боюнча Гүлчө шаарынын аймагынын жер комиссиясынын курамы төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:

1. Абдиаким уулу Дайир - Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаты, комиссиянын төрагасы

2. Убукеева Чынара - комиссиянын катчысы

**Комиссиянын мүчөлөрү:**

3. Жусубалив Нурбек Абытович - Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаты
4. Ниязбеков Нурсултан Нуралиевич - Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаты
5. Таласбеков Султанбек Таласбекович - Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаты
6. Сулайманова Кенжегул Айдарбековна -Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаты
7. Кадырова Элиза –Гүлчө шаарынын мэринин орун басары
8. Какаров Рустам - Гүлчө шаарынын мэриясынын башкы жер адиси
9. К.М.Алиев – Алай райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын адиси, комиссиянын мүчөсү
10. Ашимова Гүлзат - Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчикти башкаруу, жерге жайгаштыруу боюнча жетектөөчү адиси, комиссиянын мүчөсү
11. Гүлчө шаарына караштуу участоктордун кураторлору, тиешелүүлүгүнө карата комиссиянын мүчөлөрү болушат.

**3**. Гүлчө шаарына караштуу Таш-Короо, Жылуу-Суу, Кара-Булак, Чакмак, ошондой эле Тамга-Терек, Кум-Шоро, Кара-Суу, Кайнама жана Октябрь участкаларындагы мамлекеттик фондунун жерлеринин ижарага берүү мөөнөттөрү бүткөндүгүнө байланыштуу ошол эле жерлердин ижара акыларынын баштапкы баалары төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:

- 1,0 га кайракы айдоо жер үчүн - 500 сом болуп аныкталсын.
- 1,0 га чөп чабынды жер үчүн - 450 сом болуп аныкталсын.

**4.** Гүлчө шаарынын мэриясынын алдында түзүлгөн комиссиянын курамындагы айрым кызматкерлердин кызмат орду алмашкан учурда, анын ордуна келген кызматчыга жүктөлсүн.

**5**. Гүлчө шаарынын мэриясына караштуу Таш-Короо, Жылуу-Суу, Кара-Булак, Чакмак айылдарында, ошондой эле Тамга-Терек, Кум-Шоро, Кара-Суу, Кайнама жана Октябрь участкаларындагы мамлекеттик фондунун жайыт жерлерин ижарага берүүдө ар бир жаранга 3 га дан ашыкча жер берилбесин.

**6**. Кабыл алынган токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br><br>ГҮЛЧӨ<br>ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br><br>ГУЛЬЧИНСКИЙ<br>ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1-отуруму**

**Т О К Т О М**

**2026-жылдын 30-январы № 1/8 Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарынын Нарматов көчөсүндө жайгашкан Алымбек датка атындагы эс алуу жайынын ичиндеги жабык типтеги волейбол, футбол аянтчаларынын жана жаңыдан курулган бассейндин ижара акыларынын баштапкы баасын, ошондой эле Алымбек датка жана Курманжан датка эс алуу жайларынын ичинен коммерциялык багытта иштетүү үчүн 1,0 чарчы метр жер тилкесинин баштапкы баасын аныктап берүү жөнүндө**

Гүлчө шаарынын мэриясына караштуу Нарматов көчөсүндө жайгашкан Алымбек датка атындагы эс алуу жайынын ичиндеги жабык типтеги волейбол жана футбол аянтчаларынын жана жаңыдан курулган бассейндин ижара акыларынын баштапкы баасын, ошондой эле Алымбек датка жана Курманжан датка эс алуу жайларынын ичинен коммерциялык багытта иштетүү үчүн 1,0 чарчы метр жер тилкесинин баштапкы баасын аныктап берүү жөнүндө жер боюнча башкы адис Р.Какаровдун билдирүүсүн угуп, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 4-5-пункттарына ылайык, Гүлчө шаарынын кеңешинин отуруму **токтом кылат:**

1. Футбол аянтчасынын бир айлык ижара акысынын баштапкы баасы-25000,0 (жыйырма беш) миң сом болуп бекитилсин.

2. Волейбол аянтчасынын бир айлык ижара акысынын баштапкы баасы-25 000,0 (жыйырма беш) миң сом болуп бекитилсин.

3. Бассейндин бир айлык ижара акысынын баштапкы баасы- 25 000,0 (жыйырма беш) миң сом болуп бекитилсин.

4. Эс алуу жайларынын ичинен коммерциялык багытта иштетүү үчүн бир айлык ижара акысынын баштапкы баасы 1,0 чарчы метр жерге айына – 625,0 (алты жүз жыйырма беш) сом болуп бекитилсин.

5. Гүлчө шаарында жайгашкан муниципалдык менчиктеги жер тилкелерин коммерциялык багытта иштетүү үчун 1,0 чарчы метр жер тилкесинин ижара акысынын баштапкы баасы, айына 300,0 (үч жүз) сом, ал эми Гүлчө шаарынын аймагындагы айылдардагы муниципалдык менчиктеги жер тилкелерди коммерциялык багытта иштетүү үчүн 1,0 чарчы метр жер тилкесине бир айлык ижара акысынын баштапкы баасы - 187,0 (бир жүз сексен жети) сом болуп бекитилсин.

6. Гүлчө шаарынын мэриясына караштуу муниципалдык жер тилкелерин убактылуу көрктөндүрүү үчүн берилген 100,0 чарчы метр жер тилкесинин бир жылдык ижара акысынын баштапкы баасы- 400,0 (төрт жүз) сом болуп бекитилсин.

7. Гүлчө шаарында жайгашкан уюлдук байланыш станциялары орнотулган 10,0 чарчы метрден 40,0 чарчы метрге чейинки жер тилкесинин ижара акысы, айына баштапкы баасы - 10 000,0 (он миң) миң сомдон жогору болуп бекитилсин.

8. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Гулчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.

9. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер маселеси боюнча туруктуу комиссияга милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1-отуруму**

**Т О К Т О М**

**2026-жылдын 30-январы** **№ 1/ 9** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарынын мэриясынын алдындагы «Гүлчө коммуналдык чарба» муниципалдык ишканасынын Жайыт комитетинин бюджетинин 2025-жылдын 12 айында киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн аткарылышы боюнча маалыматы жана 2026-жылга карата жайыттарды пайдалануунун ар жылы пайдалануу боюнча планын жана ижарага берүү боюнча тарифтерди бекитүү жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңеши, Гүлчө айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Какаров Рустамдын билдирүүсүн угуп, кеңири талкуулап 26.01.2009-жылдагы №30-Кыргыз Республикасынын Жайыттар жөнүндөгү Мыйзамынын 10-беренесине жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планын иштеп чыгуу тартиби жөнүндөгү» Жобонун 2-беренесинин 10-пунктуна ылайык**, токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарынын мэриясынын алдындагы Жайыт комитетинин 2025-жылдагы бюджетинин аткарылышы айрым кемчиликтерди эске алуу менен канааттандырарлык деп табылсын.

2. Гүлчө шаарынын мэриясына караштуу Жайыттарды башкаруу жана пайдаланууну жакшыртуу максатында жайыттарды ар жылы пайдалануу боюнча 2026-жылга карата планы бекитилсин. (тиркеме тиркелет).

3. Жайыт комитетинин 2026-жылга түзүлгөн бюджетинин киреше бөлүгү 445,0 миңсом, ал эми чыгаша бөлүгү 445,0 (төрт жүз кырк беш) миң сом болуп бекитилсин.

4. Жайыт комитетинин 2026-жылга бюджетинин киреше бөлүгү төмөндөгүдөй кирешелерден;
жарандардын жайытка чыга турган ири-мүйүздүү мал, майда жандык жана жылкылары үчүн алына турган ижара акысынан

- Ири-мүйүздүү малга жылына -50,0 (элүү) сом
- Жылкыларга – жылына – 50,0 (элүү) сом
- Майда-жандык мал үчүн – 20,0 (жыйырма) сом.

**Башка райондордун жана айыл өкмөттөрдүн жарандарынан;**

- Ири-мүйүздүү малга – 5 айга – 500,0 (беш жүз) сомдон

- Жылкыларга – 500,0 (беш жүз) сомдон
- Майда-жандык малга – 100,0 (бир жүз) сомдон болуп бекитилсин.

5. Гүлчө шаарынын мэриясынын аймагындагы жайыт жерлерин тосуп алып, чөп оруу үчүн пайдаланган жарандардан алынуучу ижара акысы 1,0 га жер аянтына 1 жылга 4000,0 (төрт миң) сомдон бекитилсин.

6. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга көрктөндүрүү үчүн пайдаланган жарандардан алынуучу ижара акысы 1,0 га жер аянтына 4000,0 (төрт миң) сомдон бекитилсин.

7. Кабыл алынган токтомдун мыйзамдуу аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.

8. Ушул токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын көзөмөлдөө жагы жол, муниципалдык менчиктер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**ГУЛЬЧИНСКИЙ**<br>**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1-отуруму**

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 30-январы** **№ 1/ 10** **Гүлчө шаары**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 13-сентябрындагы №515 токтомунун негизинде Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга башкача айтканда Гүлчө шаарынын аймагындагы жайыт жерлерине уюлдук байланыш станциялары орнотулган 10,0-40,0 га чейинки жер тилкелеринин ижара акыларынын баштапкы баасын аныктап берүү жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңеши Гүлчө айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Какаров Рустамдын билдирүүсүн угуп, кеңири талкуулап, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-5-пунктунун негизинде **токтом кылат:**

1. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга туризм тармагын өнүктүрүү үчүн калкка кызмат көрсөтүү максатында пайдаланган жарандардан алынуучу ижара акысы 1,0 чарчы метр жер тилкесине 268,0 (эки жүз алтымыш сегиз) сомдон, ар бир жылдын июнь, июль, август айлары үчүн.

2. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга уюлдук байланыш аппараттарын орнотуу үчүн уюлдук байланыш жоопкерчилиги чектелген коомунан алынуучу ижара акысы айына 10,0 чарчы метрден 40,0 чарчы метрге чейин жер аянтына 7000,0 (жети миң) сомдон болуп бекитилсин.

3. Кабыл алынган токтомдун мыйзамдуу аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомдун мыйзам чегинде аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, муниципалдык менчиктер, жол жана коммуникация боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1 -отуруму**

## Т О К Т О М

**2026-жылдын 30-январы** **№1/11** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарынын мэриясынын жергиликтүү бюджетинин 2026-жылдын 1- январына карата жергиликтүү бюджеттин өздүк кирешесинен 2025-жылдын калдык акча каражатын 2026-жылдын бюджетине иштетүү жөнүндө**

Гүлчө шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджетинин өздүк кирешесинен калган калдык акча каражатын 2026-жылдын бюджетине иштетүү боюнча Гүлчө шаардык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиянын жана мэр Н.Э.Тажибаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1-отуруму **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 1-январына карата 2025-жылдан пайдаланылбай калган 4 919 693 ( төрт миллион тогуз жүз он тогуз миң алты жүз токсон үч) сом анын ичинен бюджет эсебинде 4 833 312 (төрт миллион сегиз жүз отуз үч миң үч жүз он эки) сом жана атайын каражаттар эсебинде 86 381 (сексен алты миң үч жүз сексен бир) сом калдык акча каражатын 2026-жылдын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө кошумча болуп киргизилсин.

2. Бюджетте каралган акча каражаттарын смета боюнча өз убагында мыйзамдуу, максаттуу жумшалышын камсыздоо жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Э. Тажибаевге жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Каныбек кызы Эркинайга милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө шаарынын кеңешинин бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**ГУЛЬЧИНСКИЙ**<br>**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1-отуруму**

**Т О К Т О М**

**2026-жылдын 30-январы** **№ 1/12** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарынын Алымбек датка көчөсүндө жайгашкан, Гүлчө шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигиндеги аянты 3658,90 га жер тилкесин, Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук Мамлекеттик Комитетинин Ош шаары жана Ош облусу боюнча башкы башкармалыгынын Алай райондук бөлүмчөсүнүн балансына административдик имарат куруу үчүн өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-5-пункттарына жана Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү” Мыйзамынын 19-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук Мамлекеттик Комитетинин Ош шаары жана Ош областы боюнча башкы башкармалыгынын Алай райондук бөлүмчөсүнүн 2026.28.01.№03-30/01 сандуу каты менен таанышып чыгып, Гүлчө шаарынын кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук Мамлекеттик Комитетинин Ош шаары жана Ош областы боюнча башкы башкармалыгынын Алай райондук бөлүмчөсүнө, Гүлчө шаарынын Алымбек датка көчөсүндө жайгашкан, Мэриянын муниципалдык менчигиндеги аянты 3658,90 га жер тилкесин Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук Мамлекеттик Комитетинин Ош шаары жана Ош облусу боюнча башкы башкармалыгынын Алай райондук бөлүмчөсүнүн балансына административдик имарат куруу үчүн өткөрүлүп берилсин.

2. Юридикалык документтерин тактап, даярдап, өткөрүп берүү жана кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук Мамлекеттик Комитетинин Ош шаары жана Ош облусу боюнча башкы башкармалыгынын Алай райондук бөлүмчөсүнүн балансына административдик имарат куруу үчүн өткөрүлүп берилген аталган жерге заманбап, шаардын көркүн ача турган имарат түшүп, пайдаланууга берилген күндөн баштап, Гүлчө шаарынын Уметалиев көчөсүндөгү №8 имарат, жер тилкеси менен кошо Гүлчө шаарынын мэриясынын балансына өткөрүлүп берилсин.

4. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө шаарынын кеңешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик боюнча маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ГҮЛЧӨ**<br>**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**ГУЛЬЧИНСКИЙ**<br>**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1-отуруму**

**Т О К Т О М**

**2026-жылдын 30-январы** **№ 1/13** **Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарында жайгашкан №4 Кадырмамат уулу Абдыразак атындагы мектеп-интернатынын от канасынын дубалы жыгылайын деп түтүн чыккан моорусунун эскилиги жетип, окуучулар үчүн кооптуу абалда болгондугуна байланыштуу откананы жана моорун буздуруп тазалаганга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 20.10.2021. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пункттарына ылайык, Гүлчө шаарынын кеңеши **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарында жайгашкан №4 Кадырмамат уулу Абдыразак атындагы мектеп-интернатынын от канасынын дубалы жыгылайын деп, түтүн чыккан моорусунун эскилиги жетип, окуучулар үчүн кооптуу абалда болгондугуна байланыштуу откананы жана моорун буздуруп тазалаганга макулдук берилсин.

2. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Тажибаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө шаарынын кеңешинин агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик, жол жана коммуникация боюнча маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1 -отуруму**

# Т О К Т О М

**2026-жылдын 30-январы** **№1/14** **Гүлчө шаары**

## Гүлчө шаарынын мэриясынын 2026-жылда жергиликтүү бюджетинин атайын каражатын 2026-жылдын бюджетине иштетүү жөнүндө

Гүлчө шаарынын мэриясына атайын каражат эсебинен 1432400-беренесиндеги «Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат көрсөтүү акысы жөнүндөгү» 2026-жылдын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө киргизүү боюнча Гүлчө шаардык кеңешинин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын жана мэр Н.Э.Тажибаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1-отуруму **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарынын мэриясынын 2026-жылга атайын каражатынын 13 100 000 (он үч миллион бир жүз миң ) сом каражатын 2026-жылдын бюджетинин атайын каражат эсебинин 1432400-беренесиндеги «Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат көрсөтүү акысы» боюнча киреше жана чыгаша бөлүгүнө киргизилсин.

2. Гүлчө шаардык мэриясына караштуу мектепке чейинки мекемелерде, балдар бакчаларындагы балдардын ата-энелеринен түшүүчү төлөмдөрү айына бир балага 1000 (бир миң) сомдон белгиленсин.

3. Бюджетте каралган акча каражаттарын смета боюнча өз убагында мыйзамдуу, максаттуу жумшалышын камсыздоо жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Э. Тажибаевге жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Каныбек кызы Эркинайга милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө шаарынын кеңешинин бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ**
**ШААРЫНЫН КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**ГУЛЬЧИНСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

---

**Гүлчө шаарынын кеңешинин депутаттарынын кезектеги 1 -отуруму**

# Т О К Т О М

**2026-жылдын 30-январы №1/15 Гүлчө шаары**

**Гүлчө шаарынын кире беришинде жайгашкан " Петролеум" май куюучу станциянын (АЗС) жанындагы 5-01-04-1005-0233 сандуу идентификациялык сыр белгидеги аянты 13440,0 чарчы метр болгон муниципалдык менчиктеги жер аянтынан риспоинт, мейманкана жана автомашиналарды токтотуучу жай курууга 8240,0 чарчы метр жер тилкесин Кыргыз туризм мамлекеттик ишканасына узак мөөнөткө ижарага берүү жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңеши, мэр Н.Э.Тажибаевдин жогорудагы маселе боюнча сунушун карап, талкуулап, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө Типтүү Жобонун талаптарына жана «Жергиликтүү мамлекет-тик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 1-5-пунктун жетекчиликке алып, Гүлчө шаарынын кеңешинин 2026. 30. 01.№1 протоколунун негизинде, Гүлчө шаарынын кеңеши **токтом кылат:**

1. Гүлчө шаарынын кире беришинде жайгашкан «Петролеум» май куюучу станциянын (АЗС) жанында жайгашкан 5-01-04-1005-0233 сандуу идентификациялык сыр белгидеги аянты 13440,0 чарчы метр болгон жер аянтынан, 8240,0 чарчы метр жер тилкесин Кыргыз туризм мамлекеттик ишканасына узак мөөнөт менен ижарага, келишимдин негизинде жеңил типтеги курулма менен риспоинт, мейманкана жана автомашиналарды токтотуучу жай курууга макулдук берилсин.

2. Ижарага берилген жер тилкеси коомчулук тарабынан зарыл болуп, муктаждык жаралган учурда Гүлчө шаарынын мэриясынын балансына кайтарылып алынсын.

3.Кабыл алынган токтомго тиешелүү болгон юридикалык иш-кагаздарын тактап, мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө шаарынын мэри Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.